**Ушул тапта БУУнун Өнүгүү Программасынын буйрутмасы менен Өнүктүрүү саясат институту тарабынан Кыргыз Республикасындагы адамды өнүктүрүү жана анын жергиликтүү өз алдынча башкарууга (ЖӨБ) тийгизген таасири боюнча Улуттук доклад даярдалып жатат. Анын алкагында докладдын авторлору Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдагы кырдаал, өнүгүү тенденциясы жана ЖӨБнун адамдын өнүгүүсүнө тийгизген таасири тууралуу бир катар гипотезаларды белгилеп, аны талкууга койду.**

# Гипотезалар

**3.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрөгө олуттуу таасир тийгизет.**

*Кыргыз Республикасында адамдын өнүгүүсүнүн деңгээлинин алгачкы тепкичтери жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде калыптанат. Анткени дал ушул жерде адам баштапкы жана орто билимге ээ болот, алгачкы медициналык жардам көрсөтүлөт, маданий жана социалдык жөндөмдүүлүктөр пайда болот. Дал ушул жерде балдар тарбияланып, жаңы муун өнүгөт. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну борбордук бийликтен алыстатуу жана анын өз алдынча иштеп кетүүсүн камсыздоо менен адамдын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттар жакшырат.*

**3.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – социалдык туруктуулуктун жана жаңжалды алдын алуунун башкы фактору.**

*Жергиликтүү кеңештин депутаттары өзүнүн коомдук-саясий ролун аңдап иш жүргүзгөн жерде, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жамааттын ичиндеги ыктымал болгон жаңжалдарды (этностор аралык, жерге байланыштуу жана башка жаңжалдар) дайыма көзөмөлгө алып турган жерде тынчтык жана туруктуулук өкүм сүрөт. 2010-жылы жайындагы Өзгөндү буга далил катары келтирсе болот.*

**3.3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жабык, моноэтникалык, обочодо калган жамаатты социалдык-маданий жактан өнүккөн коом менен интеграциялоодо башкы механизм.**

*Кыргызстан – полимаданий өлкө, бирок бардык жерде эле эмес. Өзүнүн географиялык мүнөзүнө жараша обочодо калган жамааттар да бар. Ал жакта ар тараптуулук маданият жокко эсе жана терс маанайлардын жаралышына түрткү боло турган кырдаал сакталат. Мына дал ушундай жерлерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары башка этностор, маданий топтор ортосунда маалымат жана маданий пикир алмашуусуна шарт түзүп берүү менен жергиликтүү жамааттын полимаданий ой жүгүртүүсүн өнүктүрө алат.*

**3.4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – Кыргызстандын жаңы жаранын тарбиялоонун башаты.**

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу үй-бүлөлүк салттардын эң мыктыларын сактап калуу максатында да, үй-бүлөдөгү гармониялык өнүгүүгө тоскоол болуп жаткан көрүнүштөрдү (аялдын укугу, балдардын укугу, кыз ала качуу, чыгымдуу тойлор ж.б.) жоюу, алга жылуу максатында да аларга таасирин тийгизе алат.*

**3.5. ЖӨБ адамдын өнүгүүсү үчүн шарт түзүп бербей жатат, анткени жергиликтүү деңгээлдеги жетекчилердин бардыгы эркектер.**

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу адамдын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарга (билим берүү, үй-бүлө, саламаттыкты сактоо, маданият, бош убакытты өткөрүү, жаштар) жеткиликтүү таасирин тийгизбей жатат. Себеби жергиликтүү өз алдынча*

*башкаруу органдарынын жетекчилеринин катарында аялзатынын өкүлдөрү жетишсиз.*

**3.6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн түрткүчү болууга жөндөмдүү жана салык базасынын өсүшүнө таасирин тийгизе алат.**

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу бизнес үчүн кандайдыр бир шарттарды түзүүгө караганда, колдоочу программаларды негиздөө жана ишке ашыруу аркылуу жергиликтүү экономикага таасирин тийгизе алат. Мисалы, фестивалдар, окуу, маалымдоо ж.б.*

**3.7. Кыргызстанга жергиликтүү өз алдынча башкаруу кереги жок.**

*Кыргыз Республикасына жергиликтүү өз алдынча башкаруу зарыл эмес, анткени 20 жылдын ичинде ал өзүн толук кандуу актай алган жок. Анда бизге бийликти борбордоштуруу керекпи?*

**3.8. Лидерлер (саясатчылар жана чарбачыл адамдар) жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүүдөн коркот.**

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө жана борбордук бийликтен көз карандысыз болушуна бийликке келип, өз таасирин жоготуп алуудан корккон, ар бир маселени Бишкек менен чечүүнүн терс жагын түшүнбөгөн лидерлер жолтоо болуп жатат.*

**3.9. Мыйзамдык базанын айкын жана толук болбогону жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү токтотууда.**

*Жарандардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чыныгы талаптарына жооп берген мыйзамдык базанын айкын жана толук болбогону жергиликтүү өз алдынча башкарууну борбордук бийликтен көз карандысыз кылууга жана өнүктүрүүгө тоскоол болуп жатат.*

**3.10. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу мыйзамдар эволюциялык жол менен ишке ашышы керек.**

*Бардыгы бир заматта болушун каалайбыз, бирок революциялык жол адам өнүгүүсү үчүн шарттарды жакшыртууга алып келбейт. Биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына функцияларды алар канчалык даяр болсо ошончолук көлөмдө берүү жолу менен барышыбыз керек. Же тескерисинче, биз аларга бийликти толугу менен берип коюшубуз керекпи?*

**3.11. Административдик-аймактык реформалардын ишке ашпай жатышы ЖӨБнун өнүгүүсүн токтотууда.**

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун борбордук бийликтен көз каранды болушуна жана өнүгүүсүнө административдик-аймактык реформалардын жай жүрүшү тоскоол болуп жатат. Административдик-аймактык түзүлүштөрдүн айкын эместиги ишенбестикти жаратып, узак мөөнөттүү демилгелерди пландоо жана ишке ашырууга бут тосуп жатат.*

**3.12. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бардык саясий күчтөрдүн “оңой олжосу”, президенттер аны борбордоштуруу максатында колдонсо, азыркы саясий күчтөр ЖӨБну саясий курулуштун кызыкчылыгы үчүн курмандыкка чалганга даяр.**

*Партиялык курулуштар айылдык же шаардык кеңештерге караганда райондук кеңештер аркылуу тез жана жеңил ишке ашат. Муну менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаратылышы партиялык системанын жаратылышы менен кармашка түшөт.*